“Бекитемин”

ОшМУнун ректору,

профессор Кожобеков К.Г.

_______________________

“___”_______________2021-ж.

**Ош мамлекеттик университетинин Юридика факультетинин “Социалдык иштер” кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын**

**№ 1 протоколунан**

**К Ө Ч Ү Р М Ө**

***Ош шаары, 2021-жылдын 28-июну*** ***217- каана***

**Катышкандар:**

1. Токторбекова Н.А .- т.и.к., доцент (кеңейтилген жыйындын төрайымы),
2. Салмоорбекова Р.Б.- соц.и.к., профессор
3. Патиев Н.М.. – улук окутуучу,
4. Закиров А.З. – п.и.к., доцент,
5. Акматов Ө.С. - филос.и.к., доцент,
6. Турдубаева Э.Т. - соц.и.к., доцент,
7. Маткаримов Н. - соц.и.к., доцент,
8. Рустамова Д.А. – соц.и.к., доцент,
9. Абдувапова А.Т.- улук окутуучу,
10. Каримова К.Ү. – улук окутуучу,
11. Азизова Д.Ш. – улук окутуучу,
12. Карашова М.К. - филос.и.к., доцент,
13. Мырзалиева Т.Ж. – окутуучу,
14. Билимбек уулу Ынтымак- лаборант
15. Карабаева И.Б.- улук окутуучу, катчы

**Күн тартибинде:**

1. Юридика факультетинин "Социалдык иштер" кафедрасынын изденүүчүсү Каримова Дилшат Сагынбаевнанын "Мектеп жашындагы балдардын социалдык дезадаптациясы: социологиялык талдоо" аттуу 22.00.04. – "социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер" адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын талкулоо.

**Угулду:**

**Жыйындын төрайымы Токторбекова Н.А. - т.и.к., доцент:** Саламатсыздарбы урматтуу коллегалар, бүгүнкү кеңейтилген жыйында илимдин кандидаттыгына талапкер болгон, диссертант, Ош МУнун "Социалдык иштер" кафедрасынын изденүүчүсү Каримова Дилшат Сагынбаевнанын "Мектеп жашындагы балдардын социалдык дезадаптациясы: социологиялык талдоо" аттуу темасы талкууга коюлуп олтурат. Белгиленген диссертациялык тема кафедранын 2013-жылдын №7 протоколунда, факультеттин №6 протоколунун негизинде, ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2013-жылдын 3-апрелиндеги №6 отурумунда каралып бекитилген. Илимий жетекчиси: филос.и.д., профессор Исаев Кусейин Исаевич. Аталган диссертациялык иш боюнча баарыңыздарды талкууга чакырамын. Анда эмесе алгачкы сөздү изденүүчү Д.С. Каримовага берели.

**Каримова Д.С. - изденүүчү:**

Урматтуу бүгүнкү жыйындын катышуучулары, окумуштуулар! Сиздердин назарыңыздарга "Мектеп жашындагы балдардын социалдык дезадаптациясы: социологиялык талдоо" деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишимдин кол жазмасы сунушталып олтурат.

Адамдын татыктуу жана жакшы жүрүм-турумун көрсөтүүгө даярдыгы же каалоосу, жогорку жоопкерчилик сезими, тартипти сүйүү, милдеттерди тез жана эффективдүү аткарууга болгон ынтызарлыгы адамдын жакшы сапаты

катары бааланат. Адам ушул мүнөздөмөлөрдү чагылдыра албаганда, дезадаптациялык жүрүм-турум пайда болот. Дезадаптациялык деп белгилүү бир куракта адамдын айлана-чөйрөсүндө кабыл алынган жүрүм-турум эрежелерине каршы келген жана мындай жүрүм-турум ошол адамга, анын айланасындагыларга терс таасирин тийгизет.

Кыргызстандагы өспүрүмдөргө карата зомбулук күч алды жана коомдогу айлана-чөйрөгө адаптация процесси татаалдашты. Негизги себептери жакырчылык, жумушсуздуктун деңгээлинин жогорулашы, миграция процесси. Ушуга байланыштуу балдарын улгайган ата-энесинин, туугандарынын колуна таштоого аргасыз болушууда. Ата-энелердин дагы башка категориясы, социалдык-экономикалык көйгөйлөрдөн улам балдардын дезадаптация проблемалары көмүскөдө калууда. Тышкы жана ички мигранттардын балдары зордук-зомбулукка учурашы акыркы мезгилдин орчундуу проблемасы бойдон калууда.

Мектептеги балдардын туура эмес жүрүм-туруму дүйнө жүзү боюнча ар кандай көйгөйлөрдөн улам келип чыккан туруктуу жана олуттуу көйгөй болуп саналат. Бул изилдөөнүн катышуучуларынын ой-пикирлерине таянсак, балдарда туура эмес жүрүм-турумдун келип чыгышына өбөлгө түзгөн үй-бүлөлүк факторлорго ата-эненин туура эмес стили, үйдөгү дисфункция жана үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык абалы кирет. Ошондой эле балдардын туура эмес адептүүлүгүнө себеп болгон мектептик факторлор курдаштардын таасири жана тартиптин жоктугу деген тыянак чыгарылды. Изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй, учурда мектепте окуучулардын жүрүм-турумун жакшы башкарууга мүмкүндүк берген стратегиялар жок. Мугалимдер дагы жакшы тартипти орнотуу үчүн колунан келишинче аракет кылышат, бирок жетишсиз, анткени аларга ноу-хау жетишпейт.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматында 2020-жылы республика боюнча жалпы билим берүү уюмдарына барып билим албагандардын саны  2645 бала (7-17-жашка чейин), анын ичинде Ош облусу боюнча 719 бала. Негизги себептерине:

материалдык кыйынчылык – 230 бала; балдарын окутууга ата-энелердин каалоосу жок – 41; үй-бүлөлүк шартка байланыштуу – 410; окууну каалабаган балдар – 62; оорусуна байланыштуу – 21; мүмкүнчүлүгү чектелген балдар – 1869; башка себептер менен – 12 өспүрүм [http://www.stat.kg/kg/statistics/obrazovanie/].

Мектептеги туура эмес жүрүм-туруму, азыркы тапта жалпы дүйнөдөгү көпчүлүк мектептерде, айрыкча Кыргызстандын мектептеринде универсалдуу көйгөй болуп калды. Дезадаптациялык жүрүм-туруму бар балдардын психикалык саламаттыгына байланыштуу көйгөйлөр жаралышы мүмкүн, бул алардын тийиштүү социалдык эмоционалдык көндүмдөрүн өркүндөтүүгө таасир этет. Бир нече изилдөөлөр көрсөткөндөй, социалдык-эмоционалдык көндүмдөрдүн чектелген өнүгүүсү мектептеги жетишсиздиктер менен байланыштуу. Ошентип, бул изилдөө окуучулардын туура эмес жүрүм-турумуна үйдөгү жана мектептеги кандай факторлор өбөлгө түзөт?

Бул изилдөөдө дезадаптациялык жүрүм-турум концептуалдык мүнөздө адамдын жаңы жагдайларга көнүүсүнө тоскоол болгон иш-аракеттер катары каралат, ошону менен төмөнкүлөрдү көрсөтөт: пассивдүү агрессивдүүлүк, качуу, артка кетүү, өзүнө зыян келтирүү, ачуулануу, химиялык заттарды колдонуу жана интернет булактары.

Аталып жаткан теманын актуалдуулугу Кыргыз Республикасы үчүн эң маанилүү жана келечек көйгөйлөрүн жеңилдетүү максатында маанилүү көрүлгөн чаралардын бири. Мына ушул контекстте менин диссертациялык изилдөөм – актуалдуу болуп саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты - орто мектепте балдардын социалдык дезадаптикалык жүрүм-турумунун индикаторлорун аныктоо болуп саналат.

Балдар арасында дезадаптация жүрүм-турумдагы кыргыз коомундагы сүрөттөлүшүн алып чыгуу, коомдун өзгөрмөлүү шарттарындагы түрдүү

социалдык факторлорго социологиялык иликтөө жүргүзүү – диссертациялык иштин максаты болуп саналат.

**Аталган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлган:**

1. мектеп жашындагы балдардын дезадаптациялык жүрүм-турум маселесин изилдөөнүн негизги социологиялык парадигмаларын илимий талдоо;
2. өспүрүм балдар арасындагы дезадаптация процессинин методологиясын иштеп чыгуу;
3. мектеп жашындагы дезадаптацияланган балдарды тарбиялоодо социалдык институттардын оордун аныктоо;
4. Кыргызстанда балдардын социалдык дезадаптация көйгөйлөрүнүн индикаторлорун (көрсөткүчтөрүн) анализдеп карап чыгуу;
5. өспүрүмдөр чөйрөсүндөгү манипуляция жана жазгырууну чечүү жолдорунун социалдык технологияларын илимий талдоо;
6. Кыргызстандагы өспүрүмдөр арасында дезадаптация көйгөйүнө алдын алуу иш чараларын жүргүзүү боюнча негизги сунуштарды иштеп чыгуу.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.** Диссертацияда ата мекендик социологиялык илимдердин деңгээлинде биринчи жолу мектеп балдарынын дезадаптациялык жүрүм-турумуна ар тараптуу талдоо жүргүзүлдү. Жаңы статус менен төмөнкү натыйжалар алынды:

1. Кыргызстанда болуп жаткан социалдык-экономикалык кырдаалга байланыштуу мектеп жашындагы балдардын социалдык дезадаптациясына дуушар болуунун себептери социологиялык парадигмалар аркылуу талдоого алынды.
2. Мектеп жашындагы балдар арасындагы дезадаптация процессин изилдөөнүн методологиясы иштеп чыкты.
3. Өспүрүмдөр арасында дезадаптациялык жүрүм-турумга социалдык институттардын тийгизген таасирлери изилдөөгө алынып, талданды.
4. Кыргызстанда балдардын социалдык дезадаптация көйгөйлөрүнүн индикаторлоры (көрсөткүчтөрү) илимий көз караште талданып чыкты.

5. өспүрүмдөр чөйрөсүндөгү манипуляция жана жазгырууну чечүү жолдорунун социалдык технологиялары талданды.

6. Кыргызстандагы өспүрүмдөр арасында дезадаптация көйгөйүнө алдын алуу иш чараларын жүргүзүү боюнча негизги сунуштар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** келечекте өспүрүмдөрдүн дезадаптациялык жүрүм-турумдагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, мындан аркы өспүрүмдөр, жетимдер менен иш алып барууда, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Ушунун негизинде окуу куралдарды, дарстарды, семинардык сабактарды даярдоодо практикалык маалыматтар катары колодонулушу мүмкүн. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана материалдары аткаруу бийлигинин органдары тарабынан жашы жете электердин делинквенттик жүрүм-турумунун региондук программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда; укук бузуучу өспүрүмдөрдү коргоо боюнча жана өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумунун алдын алууда иш жүргүзгөн мекемелер жана уюмдардын; "Социология", "Социалдык иш", "Социалдык педагогика" адистиктер жана багыттар боюнча окуп жаткан студенттер сабак окутууда колдонуу мүмкүн.

Ошондой эле келечекте дезадаптациялык жүрүм-турумдагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, мындан аркы өспүрүмдөр, социалдык жетимдер менен иш алып барууда, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишин оптималдаштырууда, өспүрүмдөрдүн жигердүүлүгүн жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алат.

**Коргоого алып чыга турган диссертациянын негизги жоболору:**

1. Социалдык психологиялык дезадаптациясынын кесепети болуп адамдын адаптация шартындагы бузулуу абалы эсептелет.Дезадаптацияланган

абалдын негизин жанжал түзөт, анын таасири астында акырындык менен чөйрөнүн шарттарына жана талаптарына баланын жеңе албаган психологиялык абалы. Башталышы болуп баланын дезориентациясы эсептелет: ал өзүн жоготот, бул жагдайда кандай кылуу керек экенин, бул талапты кантип аткарууну билбей калат жана эч кандай реакция жасабайт же биринчи пайда болгон ыкма менен реакция кылат. Ошентип, баштапкы баскычта бала дестабилдешкен абалда болот. Эгерде стабилдешүүнүн мындай реакциялары тез-тезден кайталанса, анда бул балада туруктуу ички (өзүнө, өзүнүн абалына канаттанбоо) жана тышкы (чөйрөгө карата) жанжалга алыпкелет, ал туруктуу психикалык дискомфортко алып барат, натыйжада дезадаптацияланган жүрүм-турум пайда болот.

2. Мектеп жашындагы балдарга социалдык – педагогикалык, медициналык жардам берүү, аларды үзгүлтүксүз тейлөө кызматы мектептин милдети. Мына ошондуктан, Кыргызстанда дезадаптацияланган жүрүм - турумдагы балдардын социалдык – педагогикалык, медициналык жардамга көбүрөөк муктаждыгын эске алуу менен, цивилизациялуу өлкөлөрдүн социалдык иштер боюнча жүргүзүп жаткан алдыңкы технологияларын, интерактивдүү усулдарын пайдалана билүү зарыл.

3. Өспүрүмдөрдүн дезадаптациялык процесстериндеги жүрүм-турумуна таасир этүүчү фактору болуп социалдашуунун негизги институттары - үй-бүлө, мектеп, эс алуу чөйрөсү, эмгек дүйнөсү бүгүнкү күндө кризиске кептелгенин көрсөттү. Ал гана эмес, социалдык-экономикалык: материалдык жактан жашоо деңгээлдин төмөндөшү, жумушсуздук, миграция, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн коомдогу абалы өспүрүмдөрдүн дезадаптациялык абалына таасирин тийгизбей койбойт. Алсак, үй-бүлөлүк кризис: толук эмес үй-бүлө, ата-эне тарабынан балдарга карата зордук - зомбулук, кароосуз калуучулук, аракечтик, баңгилик маселеси, ата-энелердин күнөөсү менен же экстремалдык шарттарда күч колдоону. Психологиялык жактан туруксуздугу: балдар менен психологиялык климаттын сакталбашы, балдарга айосуз мамиле жасоо, чоңдор тарабынан психикалык зомбулук көрсөтүү.

4. Балалык жана өспүрүм курак – адам баласынын өнүгүүсүнүн маанилүү мезгилдери. Мээнин өнүгүү көз карашынан алганда, жашоонун ушул баскычтарында, мээнин көптөгөн структураларынын жана нейросистемаларынын тез жетилиши жүрөт. Бул таанып-билүү иштешине, эмоцияны жөнгө салууга, мотивацияга жана социалдык өз ара аракеттерге таасирин тийгизет. Чындыгында, өспүрүм куракта өсүп өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү жана тобокелчиликтер менен байланышкан, айрыкча психикалык ооруларга байланыштуу сезимтал өнүгүү мезгили катары көбүрөөк түшүнүлөт. Ошондуктан, изилдөөнүн жыйынтыктары чагылдыргандай, балага жана анын психологиялык абалына үй-бүлө институтунун ордy толгус байлык. Өспүрүмдөрдүн 88,2 % - ата-энесиз калгандан абдан коркушат, анын 95,2 % - ата-энесинин бирөөсүн абдан жакшы көрөөрүн билдиришти. Сурамжылоого катышкан өспүрүмдөр ата-энеси менен болгон мамилелери жакшы жана аларды сый-урмат менен жакшы көрүшөрүн билдирүүсү кыргыз элинин каада-салты өспүрүмдөрдүн канына сиңип, жашоодогу эң негизги баалулук ата-эне экендигин далилдеди.

5. Изилдөөнүн катышуучулары билдиргендей, теңтуштарынын таасиринен улам өзүн дезадаптивдүү алып жүрөт деген пикирде, көп учурда спирт ичимдиктерин колдонуулары, достору менен конфликтик абалда болуу. Орто мектептеринде өспүрүмдөр кээде өз теңтуштарынын айтканын аткарат жана класста аз жетилген жана деструктивдүү тенденцияларды көрсөтүшкөндүгүн жана окуудагы начар көрсөткүчтөргө ээ экендигин белгилешти. Ата-энелер баласынын өнүгүү процессиндеги жүрүм-турум көйгөйлөрүнүн алдын алуу үчүн убактысын жана күчүн жумшабай калышкандыгын тынчсыздануу менен белгилешти. Кыргызстанда балдарга бул жагынан жетиштүү жетекчилик жок жана балдарга туура тарбия берүү маселеси актуалдуу бойдон калууда.

6. Адаптациялоо менен оор сыноолордон жапа чеккен балдардын көпчүлүгү психологко же психиатрга консультацияга жөнөтүлөт. Бирок алардан мурун мугалим менен ата-энелер кырдаалды өзгөртүү үчүн максималдуу

аракеттерди жасашы керек. Үй-бүлөдө жана мектепте окуучулардын дезадаптациялык абалынын айрым белгилери байкалат. Адистердин айтымында, өспүрүмдөрдүн болжол менен 15-20 % адаптациялоо бузулуунун ар кандай көрүнүштөрүнөн жабыркайт. Мындан тышкары, адаптациялоо башаламандыгы бар окуучулардын пайызы өспүрүмдөрдүн жашына жараша болот. Жаш өспүрүмдөрдүн адаптациялоодо көйгөйлөрү: баланын мектепке даярдыгы жөнүндө билимге ээ эместиги, курдаштар жана классташтар менен байланыш түзүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** 2017-жылдан баштап изденүүчүнүн демилгесинде аталган тема боюнча социологиялык изилдөөлөргө илимий анализ жасалып, 2020-жылы автор өзү тарабынан социологиялык изилдөө жүргүзгөн. Бул изилдөө социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонууну менен аткарылды. Алсак, документтерди анализдөө, статистикалык маалыматтарды колдонуу, тема боюнча чагылдырылган илимий эмгектер талданды. Аталган тема боюнча Ош облусун жана Ош шаарынын мектеп окуучуларын, алардын ата-энелерин жана мугалимдерди камтыган социологиялык изилдөө жүргүздүк (2019-2020-жж.). Жалпысынан Ош облусу жана Ош шаарын боюнча мектеп жашындагы балдар 615 респондент (6-11-класстын окуучулары) сурамжыланды жана 120 ата-энелер, 25 тема боюнча эксперттер (социалдык педагогдор, психологдор жана балдар менен иштеген профессионалдар) сурамжыланды. Алынган жайынтыктар SPSS – 22 программасында иштелип чыкты. Сурамжылоого катышкан мектеп окуучулар жынысы боюнча: 48 % - эркек балдар жана 52 % - кыз балдар. Улуту боюнча: кыргыздар – 83 %; орустар – 3 %; өзбектер - 10 %; башка улуттун өкүлдөрү – 4 %. Райондор боюнча: Алай – 33; Араван – 53; Кара-Кулжа – 38; Кара-Суу – 172; Ноокат – 116; Өзгөн – 108; Чоң-Алай – 12; Ош шаары – 82.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы.** Диссертант төмөндөгүдөй эл аралык, республикалык жогорку окуу жайларында болуп өткөн илимий-практикалык конференцияларга, симпозиумдарга, тегерек

столдорго катышкан: Өзгөрүлүп жаткан дүйнөдөгү жергиликтүү башкаруунун модернизациясы аттуу эл аралык симпозиум (2012-жылдын 30-31-май, Бишкек шаары); ОшМУнун 75 жылдык маарекесине карата «Билим берүүнүн, илимдин заманбап маселелери, интеграциялануу процессинде жана өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүндө университеттердин ролу» аттуу эл аралык конференция (Ош шаары, 22-апрель 2014-жыл); «Система социальной защиты в Кыргызской Республике» (Иссык-Куль, 5 августа 2018 г.); илимий конференция «развития национальной социологии» (Бишкек, 29 ноября 2019 г.); илимий конференция «Роль молодежи в развитии государства: пути совершенствования государственной молодежной политики» (Бишкек, 30 апреля 2019 г.); «Молодежь в современном обществе риска»: Материалы VII Орловских социологических чтений 18 декабря 2019 ж.

**Жыйынтыктардын жарыяланышы.** Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары 11 илимий эмгекте толук чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертация кириш сөздөн, ар бири параграфтарды камтыган үч баптан, корутунду, колдонулган адабияттар жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин мазмундуу көлөмү 180 бетти камтып, 14 диаграмма жана 13 таблицадан турат.

**Төрайым:** Суроолоруңуздар барбы?

**Акматов Ө.С.** – доцент: Мектеп жашындагы балдардын дезадаптация процессин изилдөөнүн методологиясы иштелип чыкканбы?

Изилдөөнүн теориялык мааниси кандай?

Изилдөөдө социология илиминен башка кайсы илимдерге таяндыныз?

**Каримова Д. – изденүүчү:** Мектеп жашындагы балдардын дезадаптация процессин изилдөөнүн методологиясы бул изилдөөгө чейин дүйнөлүк адабияттарда тема боюнча методологиялар иштелип чыккан, ал эми Кыргызстанда жетишээрлик деңгээлде болушу үчүн изилдөөгө алынып жатат.

Изилдөө 2017-жылдан 2020-жылга чейинки аралыктагы социологиялык изилдөөлөргө анализ жасалып, 2020-жылы социологиялык изилдөө жүргүздүк.

Изилдөө ар тараптуу болду, социалдык психология, педагогика илимдери каралды.

**Абдувапова А.Т. – доцент:** Изилдөөгө алынган тема боюнча статистикалык маалыматтарды карадыныздбы?

**Каримова Д. – изденүүчү:** КР улуттук статистика коммитетинин Ош облусу боюнча маалыматтарын карадым.

**Салмоорбекова Р.Б. – профессор:** Изилдөө теманын алкагында мектептеги педагог, психологдордун кесиптик статусун көтөрүүгө болобу?

**Каримова Д. – изденүүчү:** Мыйзамдын негизинде атайын мамлекеттик программанын алкагында социалдык педагогдордун жана психолог, класс жетекчинин ошондой эле мугалимдин статусун көтөрө алабыз.

**Маткаримов Н.Т.-** Изилдөөнүн жыйынтыгында кросс анализ жасалдыбы?

**Каримова Д. – изденүүчү:** Статистикалык маалыматтар менен изилдөөнүн маалыматтарынын негизинде салыштырмалуу анализ жүргүзүлдү.

**Токторбекова Н.А.** COVID-19 пандемия учурунда изилдөөнү кандай жүргүздүнүз?

Мектеп жашындагы балдардын социалдык дезадаптациясы боюнча социалдык иштер боюнча адистеринин ролун айтыныздчы?

Ош шаарында балдар менен иш алып барган социалдык психологдор жетиштүүбү?

**Каримова Д. – изденүүчү:** Пандемиядан кийин Ош областы жана Ош шаарынын мектептеринде изилдөө жүргүзүлдү.

Изилденген тема боюнча социалдык иштер боюнча адистердин ролун өнүктүрүүдө мектеп психологу, социалдык педагогдор менен биргелешип методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу каралууда.

Учурда социалдык психологдор муктаждыгы бар балдарга психологиялык консультацияларды көрсөтүп келүүдө.

Турдубаева Э. **– доцент:** Изилдөөдө кайсыл жылдар камтылган?

**Каримова Д. – изденүүчү:** Изилдөө 2017-жылдан 2020-жылга чейинки аралыктагы социологиялык изилдөөлөргө анализ жасалып, 2020-жылы социологиялык изилдөө жүргүздүк.

**Төрайым:** Суроолор башка жок болсо, талкуулоого өтүүнү сунуштайм.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Жаркынбаев Т. – т.и.к., доцент:** Диссертацияны диссертант кеңири изилдеп мыкты билет. Мен диссертация менен таанышып чыктым, илимий эмгекте, ата-энесиз калган балдардын түрдүү көйгөйлөрү учурда актуалдуу маселеге айланып, билим берүү жана социалдык тарбия багытындагы илим-изилдөө институттарында негизги маселе катары каралып жатат. Классикалык философтордун теорияларын киргизипсин, М.Вебер, Э.Дюргейм, ошондой эле Кыргызстандагы социологдордун концепциясын киргизип койсонуз. Теориялык-методологиялык изилдөөнүнүн негизи болуп «өспүрүмдөр феномени» иштелип чыгып, коомдогу өзгөрүүлөр талапка жараша жаңы социофеноменди изилдеп, социалдык дезадаптациясын бир формасы катары мыйзамсыз жүрүм-турумду үй-бүлөлөрдүн жана коомдун ар кандай факторлордун өсүшүнө байланыштырылган. Стилистикалык кемчиликтерди эске алуу менен Дилшат Сагынбаевнаны кандидаттык диссертациясын коргоого сунуштайм жана илимий ийгиликтерди каалайм.

**Акматов Ө.С. – филос.и.к., доцент:** Изденүүчү Д.С.Каримованын бул эмгектин үстүнөн узак убакыттан бери иштеп жаткандыгы тууралуу маалыматым бар. Бул илим абдан универсалдуу илим, изилдөөдө физиология, медицина, педагогика илимдерин колдонууну сунуштайм. Адабияттарды жакшы берипсиз. Изилдөөдө темага байланыштуу кандидаттык диссертацияларды колдонуу керек. Андан сырткары, бир топ илимий-практикалык конференцияларда биз бирге болуп, илимий темасы боюнча докладдары менен чыгып сүйлөп жүргөнүн да билебиз. Эмгекте анкеталык изилдөөнүн негизин түзгөн статистикалык сандарды сүйлөтүүгө жетишкен. Менин оюмча бул абдан оор жумуш. Негизинен, эмгекте

социологиялык материалдар илимий айлампага киргизилген, илимий терминминдер өз ордунда колдонулуп жогорку деңгээлде анализденип, изденүүчү тарабынан тиешелүү жыйынтыктар чыгарылган жана чоң эмгек жасалган. Ошондуктан, изилдөөнүн масштабдуулугу концепталдуу талдоо денгээли диссертациялык талаптарга жооп бере алат. Д.С. Каримовага ийгилик каалайм жана коргоого сунуштайм.

**Салмоорбекова Р.Б. –** Саламатсыздарбы, мен бул илимий иштин талкуусуна онлайн катышуу мүмкүнчүлүгү болгондугуна абдан кубанычтамын. Дилшат Сагынбаевнанын иши социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары менен жазылыптыр. Мыйзамдын негизинде атайын мамлекеттик программанын алкагында социалдык педагогдордун жана психолог, класс жетекчинин ошондой эле мугалимдин статусун кантип көтөрүү сунушу айтылды.

Кыргызстандагы социалдык кызматкерлердин, жана балдар менен иштөөдө социалдык психологдордун оброюн көтөрүү менен балдардын социалдык дезадаптациясын алдын алуу сунушун белгилеп өттү. Дилшат Сагынбаевнанын диссертациялык ишин коргоого сунуштайм жана ийгилик каалайм.

Рустамова Д.А. - с.и.к., доцент**:** Дилшат Сагынбаевна мектеп жашындагы балдардын социалдык дезадаптациясын изилдөөгө алыпсыз. Бул тема
Кыргызстанда бул көйгөй актуалдуу болуп жатат.

Мына ошондуктан, илимий теманы изилдөөдө өздүк материалдар кеңири пайдаланылган. Бул диссертанттын даана эмгектенгендигинин далили болуп саналат. Мисалы, концептуалдык түшүнүктөрдү ордуна жайгаштыруу жактары, өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүн, аларды көзөмөлдөөнүн жана профилактикалык жолдорун, приоритеттүү багыттарын изилдей алган. Андан сырткары, Кыргызстандын аймактарында изилдөө жүгүзүү бул өзү чоң илимий эмгекти талап кылат.

Негизинен кетирилген кемчиликтер, стилистикалык, грамматикалык катачылыктар диссертациянын беделин түшүрбөйт. Ошондуктан ишти коргоого сунуштайм.

**Закиров А.З. – п.и.к., доцент:** Урматтуу коллегалар, Д. Каримованын жасаган эмгеги аябай зор. Илим жолу кыйын жол. Алынган изилдөөгө тиркемелерди берүү керек. Анын негизги илимий-изилдөө тематикасы – мектеп жашындагы балдардын жаштык курагын так көрсөтүлүш керек. Мектеп жашындагы балдардын дезадаптациялык жүрүм-турумуна, анын себептери, кесепеттери жана алардын алдын алуу, көзөмөлдөөдөгү социалдык институттардын ролу, мыйзамга каршы журум-турумдун алдын алуудагы приоритеттүү багыттар алкагына багытталып, мына ошол проекцияда социалдык-гуманитардык илимдер өнүтүндө концептуалдуу талдоо жүргүзүүгө аракет кылган. Диссертациядагы терминдерди жана изилдөөнүн жыйынтыгында динамика көрсөтүлүш керек, Ошондуктан, изилдөөнүн илимий концептуалдуу талдоо деңгээли диссертациялык талаптарга жооп берет. Дилшат Сагынбаевнага ийгилик каалайм жана коргоого сунуштайм.

**Азизова Д.А. –улук окутуучу:** Бүгүнкү окуяга мен кубанычтамын. Себеби, бул колдоого ала турган иш. Жогорку окуу жайында эмгектенген ар бир жаран эң алгач илимге салымын кошуусу зарыл деп эсептейм. Ошондуктан Д.С. Каримованын эмгеги колдоого алаарлык чоң жумуш. Диссертацияда Кыргызстандын аймагындагы мектеп жашындагы балдардын көйгөйлөрү изилдөөгө алынып анын ыкмалары, чыгарылган жыйынтыктары ынанаарлык. Диссертациядагы кээ бир техникалык мүчүлүштүктөрдү изденүүчү эске алуусу керек. Жалпысынан алганда, эмгек жакшы жазылган, ошондуктан Д.С. Каримовага ийгилик каалайм жана баарыңыздар колдоп берсеңиздер.

**Маткаримов Н. – соц.и.к., доцент:** Урматуу кесиптештер мен да диссертацияны карап чыктым. Албетте, илимий эмгек учурдун актуалдуу темасы. Изилдөө иши социологиялык материалдарга бай илимий жыйынтыктары жетиштүү. Ошону менен бирге эле айрым сунуштарды айтып өтсөм. Изилдөөдө кээ бир маалыматтарды толуктаса болот. Иштин стилистика жагын карап чыгууну жана таблицаларды, диаграммаларды иреттештирүүнү сунуштаймын. Интернет булактарындагы маалыматтарды

тактап койсонуз жакшы болот. Изилдөөдө Кагорт таблицаны жана кросс анализди берип койсонуз да болот. Көйгөйлөрдү изилдеген окумуштуулардын эумгектерин көбүрөөк кошууну айтып кетем. Андагы сандар жана ага карата чыгарылган пайыздар жакшы каралып чыккан. Дезадаптацияланган балдардын коомдогу орду кандай атайын диаграмма менен көрсөтсөнүз. Дезадаптацияланган балдарга атайын коррекциялык мекелерди ачуу сунушун кошсон. Бул чоң эмгек менен жазылган. Ошондуктан, сын пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуш кылам жана ийгиликтүү коргоп алат деп ишенем.

**Токторбекова Н. - т.и.к., доцент:** Диссертация учурдагы ааламдашуу шартында абдан актуалдуу. Анткени, Кыргызстандын эң негизги байлыгы – анын калкы, келечек муундары. Кыргызстандагы мектеп жашындагы балдардын дезадаптациялык жүрүм-турумунун бүгүнкү күндөгү абалы, коомдук адаптациялануу процессиндеги көйгөйлөр, алардын прогрессивдүү жана регресивдүү жагдайлары актуалдуу маселенин бири. Социалдык психологдордун, социалдык кызматкерлердин, социалдык педагогдордун коомдогу ишмердүүлүгүн көтөрүүнү сунуштайм. Алардын коомдогу ордун көрсөтүп берүү зарыл. Изилдөө темасы кеңири каралган, Ошондуктан, бул кандидаттык диссертация деңгээлиндеги изилдөө талапка ылайык деп эсептейм. Негизинен эмгек жогорку илимий деңгээлде жазылган жана коргоого сунуштаймын.

Абдувапова А. – улук окутуучу: Диссертацияда анкеталык изилдөө терең каралган. Илимий иш адекваттуу, рационалдуу түзүлгөндүгүн жана бул боюнча иш алып барууга боло тургандыгы адамды кубандырат. Кээ бир текстерди которууда мүчүлүштүктөргө жол берилген, бирок бул илимий иштин беделин түшүрбөйт жана коргоого сунуштайм.

**Карабаева И. - улук окутуучу:** Диссертациянын структурасы логикалык байланышта жакшы түзүлгөн. Изилдөө темасы боюнча социологиялык сурамжылоо жүргүзүлүп, чоң эмгек жасалган. Бул тема боюнча атайын изилдөөлөр, өзгөчө Кыргызстанда социологиялык багытта ушул мезгилге

чейин мындай эмгек жазылбаган. Илимий айлампага киргизилип жаткан материалдары жаңы жана эмгектин практикалык мааниси да чоң. Ошондуктан ийгилик каалайм жана коргоого сунуштайм.

**Мырзалиева Т. Ж. – окутуучу:** Диссертация актуалдуу, ушул мезгилге чейин бул багытта атайын изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Тема учурдун талабына жооп берет. Келечек муундары болгон – өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүн ачып чыгуу менен алардын маселелерин алдын алуу боюнча аракеттенген, “Илим – ийне менен кудук казгандай” дегендей илимий, эмгектик практикалык ачылыштарга колдоого алаарлык эмгек жасалган. Андыктан коргоого сунуштайм жана Дилшат Каримовага ийгилик каалаймын.

**Каримова К.Ү. – окутуучу:** Урматтуу коллегалар жогоруда абдан маанилүү сунуштар айтылды. Сунуштардын баары эске алынса пайдасы чон. Дилшат Сагынбаевнанын жасаган изилдөөлөрү абдан актуалдуу, талаа изилдөөсү чындыгында татаал, жалпысынан жакшы жазылган, диссертациянын мазмунун карап чыгууну сунуштайм.

Илимий эмгек учурдун эң актуалдуу, бүгүнкү күнгө чейин тереңдетилип изилденген эмес жана учурдун талабына жооп берет. Диссертация толук, максатка ылайыктуу, чыгармачылыктуу иш аракеттери байкалып турат жана талапка жооп берет деп эсептеймин. Диссертацияны коргоого сунуштаймын жана илимий ишине ийгилик калаймын.

**Төрайым:** – Урматтуу коллегалар, буга чейинки чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин эске алып, мен жыйындын талкуусун токтотуп, жыйынтыктоону сунуштаймын. ОшМУнун Юридика факультетинин “Социалдык иштер” кафедрасынын изденүүчүсү Каримова Дилшат Сагынбаевнаны атайын түзүлгөн диссертациялык кеңешине сунуштоону колго саламын.

Макул – “15”;

каршы – ” жок”;

калыс – ”жок”. Бир добуштан кабыл алынды.

---

Жыйында негизинен күн тартибине коюлган ОшМУнун Юридика факультетинин “Социалдык иштер” кафедрасынын изденүүчүсү Каримова Дилшат Сагынбаевна атайын түзүлгөн диссертациялык кеңешине сунуштоо маселеси кеңири талкууга алынып, чыгып сүйлөгөн жолдоштордун сунуштарын эске алып, ачык колго салуунун негизинде төмөнкүдөй токтом кылат.

---

**Т О К Т О М :**

1. Өткөрүлгөн талкуунун негизинде Каримова Дилшат Сагынбаевнанын социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Мектеп жашындагы балдардын социалдык дезадаптациясы: социологиялык талдоо» деген темада социология илимдеринин кандидаттык даражаны алуу үчүн жазган диссертациясы ЖАК тарабынан кандидаттык диссертацияга коюлуучу талаптарга жооп берет.

2. Диссертациянын автору Каримова Дилшат Сагынбаевнанын 22.00.04. – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Мектеп жашындагы балдардын социалдык дезадаптациясы: социологиялык талдоо»деген темада жазган диссертациясы социология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражасын алууга толук арзыйт жана кандидаттык диссертациясы атайын түзүлгөн диссертациялык кенеште коргоого сунуш кылынат.

**Кеңейтилген жыйындын төрайымы,**
**т.и.к., доцент:** **Токторбекова Н.А.**

**Катчысы:** **Карабаева И.Б.**

Кадрлар бөлүмү / Отдел кадров

Ош МУ
Тастыктаймын
20____ж. «____»__________
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы